**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 100105-«Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу»**

**Квалификация: менеджер**

**Бишкек 2022**

## 1-бап. Жалпы жобо

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим беруүсүнүн 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча аталган Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

2. Аталган Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр колдонулду:

- **Негизги кесиптик билим берүү программасы –** тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессинин максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун жана уюштурууну жүзөгө ашырууну регламенттөөчү окуу-усулдук документациянын жыйындысы;
- **дисциплиналар цикли** – белгиленген максаттарга жана окутуунун, тарбия берүүнүн натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүккө ээ болгон билим берүү программасынын бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **модуль** – белгиленген максаттарга жана окутуунун, тарбия берүүнүн натыйжаларына карата белгилүү бир бүтүндүккө ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенция** – окуучунун белгилүү тармакта натыйжалуу жемиштүү ишмердиги үчүн зарыл болгон анын билим берүү даярдыгына карата алдын ала берилген социалдык талап (ченем);
- **кредит** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек жүгүнүн шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун жыйынтыгында ээ болгон компетенциялар.
- **кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердиктин конкреттүү түрүнүн алкагында анын мазмунуна коюлуучу талаптарды аныктоочу жана ишмердиктин түрүнө карабастан, кандай гана уюм болбосун, анда өзүнүн укуктуу ордун ээлөө үчүн ага жооп берүүчү кызматкердин квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөөчү негизги документ.

Аталган Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчиктин формасына жана мекемеге тиешелүүлүгүнө карабастан орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүүчү мекемелер үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-бап. Колдонуу тармагы

3. Орто кесиптик билим берүүдөгү аталган Мамлекеттик билим берүү стандарты (100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында тийиштүү адистиктер боюнча лицензиясы бар, менчиктин формасына карабастан кайсы мекемеге тиешелүү болбосун, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүүчү мекемелер тарабынан орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоочу окуу уюштурууучу-усулдук документацияларды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

4. 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- аталган адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууга укуктуу болгон билим берүү уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- аталган адистик боюнча КОБОЖдун негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүсү жана даярдык деңгээли боюнча өзүнүн окуу ишмердигин натыйжалуу ишке ашырууга жоопкерчиликтүү студенттер;
- тийиштүү кесиптик ишмердик жаатындагы адистердин жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыздоочу окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү финансылык жактан камсыздоочу билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл кылуучу, кесиптик орто билим берүү жаатында сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

## 3-бап. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү формасы:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан

6. Орто жалпы билим берүүнүн базасында күндүзгү формада окутууда кесиптик орто билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмес убакытты түзөт. Аталган кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашырууда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Орто жалпы билим берүүнүн базасында жана негизги жалпы билим берүүнүн базасында окутуунун күндүзгү формасында «Маданият жана искусство» багытындагы кесиптик орто билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 3 жыл 10 айды түзөт.

Маданият жана искусство жааты үчүн кадрларды даярдоону ишке ашыруучу билим берүү уюмдарында окуу сааттарынын жалпы көлөмү маданият, маалымат жана туризм жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

8. Кесиптик орто билим билим берүүнүн программасына интеграцияланган орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программасын (10-11-класстар) ишке ашырууда, орто билим тууралуу документ (аттестат) берилбейт, ал эми предметтер боюнча баалар кесиптик орто билими тууралуу документке (дипломго) коюлат.

9. Абитуриент тапшырып жатканда төмөнкү документтердин бирине ээ болуусу керек:

- жалпы орто билими тууралуу аттестат;
- негизги жалпы билими тууралуу күбөлүк.

10. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу боюнча, ошодой эле окутуунун ар кандай формасын айкалыштырууда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан окутуунун күндүзгү формасында белгиленген ченемдик өздөштүрүү мөөнөтүнө салыштырмалуу алты айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун жыйынтыгы боюнча башка адистик боюнча жогорку кесиптик же орто кесиптик билим алууда студент өздөштүргөн (өтүлгөн)

айрым дисциплиналар (модулдар) жана (же) айрым практикалар боюнча окутуунун жыйынтыгын толугу менен же айрым-айрым кайрадан тапшырта алат.

Негизги кесиптик орто билим берүү программасын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү башка ченемдик-укуктук актылар аркылуу бекитилет.

11. Окутуунун күндүзгү формасы боюнча маркетологду даярдоодо негизги кесиптик орто билим берүү программасын өздөштүрүүнүн эмгек жүгү 120 кредиттен кем эмес. Бир окуу семестринин эмгек жүгү 30 кредиттен кем эмес өлчөмгө барабар (окуу процесси эки семестр деп түзүлгөндө).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде, аудитроиялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларынын, ошондой эле окутуунун ар кыл формасын айкалыштырууда эмгек жүгү бир окуу жылында 45 кредиттен кем болбошу керек.

12. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча негизги кесиптик орто билим берүүнүн окутуудагы максаты:

Окутуу жаатында – 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты болуп, эмгек рыногунда ийгиликтүү иштөөгө жана атаандашууга мүмкүндүк берүүчү кызыкдар тараптардын – жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык кардарларды тосуп алууну, тейлөөнүн ар кандай формаларын жана усулдарын колдонууну, мейманканаларда жана туристтик комплекстерде, тур комплекстерде тейлөө процессин уюштурууну, тематикалык кечелерди өткөрүүнү, мейманкананын кызмат ишин уюштурууну, конокторду тейлөөнүн сапатын көзөмөлгө алууну билген ортоңку звенодогу квалификациялуу менеджержи даярдоо эсептелет.

Инсанды тарбиялоо жаатында - 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- максатка умтулуусу жана уюштургучтук;
- эмгекти сүйүүсү жана жоопкерчилик;
- жарандуулук, коммуникативдүүлүк жана толеранттуулук;
- жалпы маданиятты жогорулатуу.

13. 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин багыты мейманканаларда жана туристтик комплекстерде аталган комплекстердин конокторунун реалдуу жана күтүлүүчү керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган тейлөөнү уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү менен байланышкан төмөнкүдөй кесиптик ишмердиктин түрлөрүн өзүндө камтыйт:

- мейманкана кызматтарын брондоо;

- конокторду кабыл алуу, жайгаштыруу жана чыгаруу;

- жашап жаткан учурда конокторду тейлөөнү уюштуруу;

- мейманкана азыктарын сатуу.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектиси болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мейманкана продуктысынын керектөөчүлөрү;
- мейманканалар жана туристтик комплекстер, санаториялык-курорттук ишмердиктин объектилери, коомдук тамактануу, эс алуу ишканалары жана жайгаштыруучу башка объектилер;
- негизги жана кошумча кызматтарды камтуучу мейманкана продуктысы;
- мейманкананын жана жайгаштыруучу башка объектилердин иштешин камсыздоочу техника жана жабдуулар;
- брондоонун маалыматтык ресурстары жана мейманкана ишмердигин тейлөө уюмдары.

15. Бүтүрүүчү даярдалуучу кесиптик ишмердиктин түрлөрү кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынын кызыкдар жумуш берүүчүлөр менен биргеликте, квалификациялардын улуттук алкагына жана кесиптик стандарттарга (эгер болсо) ылайык иштелип чыккан анын билим берүү программасынын мазмунун аныктоого тийиш.

16. Бүтүрүүчү даяр болууга тийиш болгон кесиптик ишмердиктин милдеттеринин тизмеси кесиптик ишмердиктин жана кесиптик стандарттын (эгер болсо) тийиштүү жаатындагы талаптардан алынышы керек. Эгер алар жок болсо, кесиптик ишмердиктин милдеттеринин тизмеси мамлекеттик билим берүү стандартынын долбоорун иштеп чыгуучу тарабынан жумуш берүүчүлөрдүн милдеттүү түрдө катышуусу менен түзүлүшү керек (15-п. көрсөтүлгөндөй, кесиптик ишмердиктин түрлөрүнө ылайык милдеттер көрсөтүлөт).

17. 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө;

- тийиштүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын тездетилген программа боюнча өздөштүрүүгө.

## 4-бап. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууга коюлуучу жалпы талаптар

18. Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагында, квалификациялардын тармактык/сектордук жана кесиптик стандарттардын (эгер болсо) алкактарында иштелип чыгат.
Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдар билим берүүнүн саатынын кепилдигин камсыздоо боюнча сунуштарга ылайык илим, маданият, экономика, техника, технология жана социалдык чөйрөдө болуп жаткан өнүгүүлөрдү эске алуу менен негизги кесиптик билим берүү программасын keминде 5 жылда бир жолу төмөнкүчө жаңылантып турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияны иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларынын мониторинги, мезгилдүү рецензиялануусу;

- студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын так макулдашылган критерийлердин негизинде баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;

- окутуучулар курамынын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыздоо, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, анын ичинде окуучуларды сурамжылоо менен;

- өз ишмердигин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүүчү уюмдар менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча байма-бай өзүн текшерип туруу;

- өз ишмердигинин, пландарынын, инновацияларынын жыйынтыгы тууралуу коомчулукка маалымдоо.

19. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо кезектеги, аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларды камтууга тийиш.

Студенттердин кезектеги аттестациясы кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан аныкталган (педагогикалык кеңеште бекитилген) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде жүргүзүлөт.

Студенттердин аралык аттестациясы ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык дисциплиналар боюнча семестрдеги кезектеги аттетациянын жыйынтыгы боюнча жыйынтыктоочу баа (экзамендик аттестация) коюлат.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик төмөнкүдөй мамлекеттик аттестациялык сынактардын түрүнөн турат: ар бир дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен, адистик боюнча жыйынтыктоочу дисцилина аралык экзамен жана/же бүтүрүүчү квалификациялык иш.

Жыйынтыктоочу аттестацияга академиялык карызы жок, окуу планында каралган окуу курсун толугу менен аяктоочу бүтүрүүчүгө жол берилет.

Негизги кесиптик билим берүүчү программанын этаптык жана акыркы талаптарына студенттердин персоналдык жетишкендиктеринин туура келүүсүн кезектеги, аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясы үчүн билимдерди, билгичтиктерди жана өздөштүрүлгөн компетенциялардын деңгээлин баалоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди камтыган баалоочу каражаттардын базасы түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базасы кесиптик орто билим берүүнү жүзөгө ашыруучу билим берүүчү уюм тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте жүргүзүлөт.

20. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцяларын калыптандырууда кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдун мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек (мисалы, социалдык карым-катышуу, өз алдынча уюштуруу жана өз алдынча башкаруу, системдик-ишмердиктик мүнөздөгү компетенциялар). Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- өзүнүн социо-маданий чөйрөсүн калыптандырууга;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
-окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин, анын ичинде, студенттик өз алдынча башкарууну, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачыл клубдарды, илимий студенттик коомдорду өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүгө.

21. Кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдардын негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны камтышы керек.

Студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны калыптандыруунун тартибин кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдун педагогикалык кеңеши аныктайт.

22. Кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюм төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын калыптандыруусун реалдуу мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылуу;
- негизги кесиптик билим берүү программасын калыптандырууда студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштыруу;
- студенттерге алар тандап алган дисциплина милдеттүү болуп эсептелерин, ал эми алардын суммалык эмгек жүгү окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүү.

23. Негизги кесиптик билим берүү программасында каралган студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн алкагында, студенттер конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

24. Студенттер кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдардын негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

25. Негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжага жетишүү максатында студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, студенттик илимий коомдордун иштерине катышууга милдеттүү.

26. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдык көлөмүндө жумасына 45 саат белгиленген, анын ичинде бардык аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрү каралган.

Окутуунун күндүзгү формасында аудиториялык сабактардын жумалык көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталат жана ар бир дисциплинаны окуп үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан кем эмес бөлүгүн түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштерге бөлүнгөн саатка аталган дисциплина боюнча экзаменге (модулга) даярданууга бөлүнгөн убакыт да кирет.

27. Окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) формасында аудиториялык сабактын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

28. Сырттан окуу формасында студент мугалим менен сабак өтүүгө жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыздалышы керек.

29. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес убакытты түзөт.

## 5-бап. Негизги кесиптик билим берүү программасына коюлуучу талаптар

30. 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүүнүн максаттарына жана кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11- жана 16-пункттарында белгиленген кесиптик ишмердиктин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

а) жалпы:

- жеке ишмердигин уюштуруу, кесиптик ишмердикти аткаруунун усулдарын жана ыкмаларын тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;

- көйгөйлөрдү чечүү, стандарттык жана стандарттык эмес кырдаалдарда чечим кабыл алуу, демилге көтөрүү жана жоопкерчиликтүүлүк;

- кесиптик жана жеке өнүгүүнүн кесиптик милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн маалыматты издөө, түшүндүрүү жана колдонуу;

- кесиптик ишмердикте маалыматтык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу;
- команда менен иштөө, кесиптеши, жетекчилик, кардарлар менен натыйжалуу баарлашуу;
- команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагылардын) иши жана аларды жумуш ордуларында окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгына жоопкерчиликти өз мойнуна алуу;
- өзүнүн инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердигинде эмгек шарттарынын жана технологияларынын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу;
- кичине жамааттарды уюштуруу-башкаруучу иштерине даяр болуу.

Жалпы компетенциялардын тизмеси адистиктин профилине ылайык толукталышы мүмкүн;

б) кесиптик, кесиптик ишмердиктин негизги түрлөрүнө ылайык:

- негизги кесиптик ишмердиктин түрлөрүн көрсөтүлөт;

- ишмердиктин ар бир түрү боюнча кесиптик компетенциялар көрсөтүлөт.

31. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасы төмөнкүдөй блокторду жана окуу циклдерин өзүндө камтыйт:

1-блок. "Дисциплиналар (модулдар)":

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый-илимий цикл;

3) кесиптик цикл;

4) дене тарбия;

2-блок "Практика";

3-блок "Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация".

Кесиптик орто окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялардын алкагына ылайык окутуунун натыйжасына жетишүү үчүн жоопкерчиликтүү.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) жыйындысы жана алардын эмгек жүгүн кесиптик орто окуу жайы өз алдынча, блокто көрсөтүлгөн көлөмгө жараша, квалификациялардын улуттук алкагында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн жыйынтыгына карата талаптарды эске алуу менен аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдеги милдеттүү дисциплиналардын ишке ашырылышын камсыздашы керек, алардын тизмеси жана эмгек жүгү Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Көрсөтүлгөн дисциплиналардын мазмуну жана аларды ишке ашыруу тартиби тийиштүү адистик боюнча кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасы тиркелүүчү түзүлүшкө ылайык иштелип чыгат.

32. Дисциплиналардын ар бир цикли базалык (милдеттүү) жана элективди бөлүктөргө ээ болууга тийиш. Элективдик бөлүгү студенттерге дисциплинанын базалык бөлүгүнүн мазмунунда аныкталуучу билимдерин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө, тереңдетүүгө мүмкүндүк бериши керек. Элективдик бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан, ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүгүнө негизделүү менен аныкталат.

Милдеттүү бөлүгүнүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан көп эмес көлөмүн түзүшү керек.

Кесиптик орто окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (алардын арыздары боюнча), алардын психикалык-физикалык өнүгүүсүн, жекече мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүүчү программа

боюнча окууга жана зарыл болсо, алардын мүчүлүштөрүн оңдоону жана көрсөтүлгөн адамдардын социалдык ыңгайлашуусун камсыздоочу мүмкүнчүлүк бериши керек.

33. Менеджерлерди даярдоонун негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окулуп жаткан дисциплинанын профилине туура келүүчү, жогорку же кесиптик орто билими бар жана системдүү түрдө илимий жана (же) илимий-усулдук ишмердик менен алектенген педагогикалык кадрлар тарабынан камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдеги окутуучулар даярдоо багытындагы жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш (авиациялык адистиктерден тышкары).

Кесиптик циклдеги окутуучулардын сапаттык курамын баалоодо өндүрүшчүлөрдүн 10 жылдан кем эмес эмгек тажрыйбасы болуусу эске алынат.

34. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студентке негизги кесиптик билим берүү программасынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүү болуусу камсыздалышы керек. Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтууга тийиш (калыптануучу компетенцияларды эске алуу менен аныкталат).

Студенттердин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземпляр – нормативине жооп бериши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек. Билим берүү процессинде мыйзамдык актылар, ченемдик документтер, кесиптик-багытталган мезгилдүү басма материалдары колдонулушу керек.

35. 100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча окуучуларды даярдоо үчүн төмөнкүдөй материалдык-техникалык камсыздоо зарыл:

– меймандостук тармактарынын өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу, методикалык материалдар менен жабдылган окуу кабинеттери;
– кесиптик циклдеги дисциплиналар боюнча заманбап компьютердик техника жана программалык камсыздоо комплекти менен жабдылган компьютердик класстар;
– лабораториялык жана практикалык сабактарды өткөрүү үчүн объектилер (полигондор) мейманканаларда жана туристтик комплекстерде колдонулуучу үлгүлөр менен жабдылышы керек;

- меймандостук тармагынын заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларын колдонуу үчүн жабдуулар;
- меймандостук тармагында кесиптик компетенцияларга ээ болуу үчүн зарыл болгон жабдуулардын жана объектилердин башка түрлөрү;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын билим алуусу үчүн эгер зарыл болсо, атайын шарттарды түзүү.

Компьютердик технологияларды колдонуу менен сабак өтүүдө студент/компьютер катышы ар бир студентти компьютер менен камыздашы керек.

Кандайдыр бир жабдууну колдонуу менен сабак өтүүдө студент/жабдуу катышы ар бир студенттин бул жабдууну колдонуусун камсыз кылышы керек.

Меймандостук тармагында иштөө үчүн окуучуларга компетенцияларды сиңирүү үчүн зарыл болгон жогоруда саналып өткөн объекттер, лабораториялар жана жабдуулар билим берүү уюмунун базасында, ошондой эле, аталган уюм кызматташуучу өндүрүштүк ишканалардын базасында жайгашышы мүмкүн.

36. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүлүшүнө коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүнүн тартибин эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат.

**Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын**

**ТҮЗҮЛҮШҮ**

| **Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүлүшү** | | **Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттеги көлөмү** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1 жыл 10 ай** | **2 жыл 6 ай** | **2 жыл 10 ай** | **3 жыл 6 ай** | **3 жыл 10 ай** |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый-илимий цикл<br>III. Кесиптик цикл | 70-100(*) | 90-130 | 110-155(*) | 130-158 | 150-215(*) |
| | Дене тарбия (белгиленген семестрлерде жумасына 2 жолу) | 3-5 семестрлер | 3-6 семестрлер | 3-6 семестрлер | 3-7 семестрлер | 3-7 семестрлер |
| 2-блок | Практика | 15-40(**) | 15-50 | 20-60(**) | 20-70(**) | 20-80(**) |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 |
| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын көлөмү | | 120 | 150 | 180 | 210 | 240 |

Эскертүү:

(*) маданият жана искусство жаатындагы билим берүү уюмдарынын «Кесиптик цикл» окуу циклинде кошумча 210 академиялык саатты (7 кредит) кароо;

(**) маданият жана искусство жаатындагы билим берүү уюмдарынын «Практика» окуу циклинде 1200 академиялык саатты (40 кредит) кароо.

**100105-«Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу»** адистиги боюнча аталган стандарт базалык билим берүү мекемесинин – М.Рсыкулбеков атындагы КЭУнун Экономика жана сервис колледжинин алдындагы КОББ МББСты иштеп чыгуу боюнча Окуу-усулдук кеңеши тарабынан иштелип чыкты.

| | | |
|---|---|---|
| | **ОУК төрагасы**, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун проректору, э.и.к., доцент | Турсуналиева Д.М. |
| | **ОУК төрагасынын орун басары**, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун Экономика жана сервис колледжинин директору | Кадырова М.К. |
| | ***Жооптуу катчы***, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун окутуучусу | Кубанычбекова А.А. |
| | **ОУК мүчөлөрү:** | |
| 1 | «Сервис» кафедра башчысы | Островская Е.С. |
| 2 | “Туризм, меймандостук жана ишкерлик” кафедрасынын доценти | Кочкорбаева М.Д. |
| 3 | “Экономика, менеджмент жана туризм” ОУК окутуучусу | Атышова Ж.И. |
| 4 | Туризм академиясынын колледжинин директору | Омуралиева А.М. |
| 5 | “Туризм, меймандостук жана ишкерлик” кафедрасынын башчысы | Чубурова Ж.Т. |
| 6 | “Экономика, менеджмент жана туризм” ОУК окутуучусу | Кыдыралиева М. Э. |
| 7. | КР туризм ассоциациясы | Токталиев Т.Ш. |
| 8. | «Kyrgyz Concept» турфирмасынын менеджери | Абдраимова Р. К. |
| 9. | “Достук” мейманканасынын менеджери | Кудайбергенова М.О. |

Тиркеме №1

**100105 - «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүлүшү**

| № | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлук натыйжасы | Эмгек жүгү, кредиттер (зачеттук бирдиктер) 1 жыл 10ай | Болжолдуу программаларды, окуу китептерин жана окуу колдонмолорун иштеп чыгуу үчүн дисциплиналардын тизмеси | Калыптануучу компетенциялардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн окуганда студент төмөнкүлөрдү<br>**билиши керек:**<br>- кесиптик багыттагы тексттерди окуу, жазуу жана сөздүк менен которуу үчүн зарыл болгон кыргыз тили, орус тили жана чет тили боюнча лексикалык (1000-1200 лексикалык бирдик) жана грамматикалык минимумду; расмий-иштиктүү жазуу кебинин ченемдерин; тексттик маалыматты иштеп чыгуунун негизги ыкмаларын;<br>- иштиктүү документтерди жазуунун негизги эрежелерин;<br>- кыргыздын улуу акындарынын жана жазуучуларынын чыгармаларын жана өмүр баянын;<br>- Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, анын дүйнөлүк коомчулук системасында алган ордун;<br>- адамдын жана коомдун турмушунда «Манас» эпосунун орду, анын идеясы жана мазмунун; адам менен коомдун карым-катышуусунун мыйзам-ченемдүүлүктөрүн; адамды жана табиятты;<br>- республиканын табигый шарттарын калыптандыруунун мыйзам-ченемдери, рельефтин түзүлүшү, климаттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрү, | | Кыргыз тили жана адабияты<br><br>Орус тили<br><br>Чет тили<br><br>Кыргызстандын тарыхы<br><br>Манас таануу<br><br>Кыргызстандын географиясы | ОК1 – ОК8 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | дарыяларды, көлдөрдүн, жер алдындагы суулуардын, мөңгүлөрдүн, таралуусу, суунун кору тууралуу, түзүлүшү жана аларды заманбап колдонуу тууралуу;<br>- калк жана эмгек ресурстары, калктын турмушун жакшыртууга багытталган социалдык саясат, миграциялык процесстер тууралуу;<br>- КР экономикалык-географиялык райондору, ички айырмачылыктар, райондордун адистештирилиши тууралуу.<br>**Жасай алат:**<br>- кесиптик жана күнүмдүк темаларга өзүнүн жазуу жана оозеки кебин кыргыз, орус жана чет тилдеринде логикалык жактан туура, аргументтүү жана ачык кура алат; оозеки жана жазуу кебин өз алдынча жакшыртып, сөздүк корун толуктай алат; кесиптик багыттагы кыргызча, орусча, чет тилдеги тексттерди сөздүк менен которо алат;<br>- кыргыз, орус, чет тилдеринде диалог, монолог түзө алат;<br>- чыгарманын негизги идеясын аныктайт, жазуучулардын жана акындардын чыгармачылыгы боюнча тезистик план түзөт, башкы каармандарды мүнөздөй алат;<br>- тарыхый процесстердин себеп-натыйжалык байланыштарын жана мыйзам-ченемдүүлүктөрүн аныктайт, анализдей алат;<br>- оозеки чыгармачылыктын шедервлери, адамзаттын бай эпикалык мурасынын ичинде «Манас» эпосунун ордун жана маанисин түшүндүрүп бере алат; «Манас» эпосунун идеяларын турмушунда колдоно алат;<br>- карта менен иштейт жана аны анализдей алат;<br>**ээ болушу керек:**<br>- кыргыз, орус жана чет тилдеринде баарлашуу көндүмдөрүнө; коммуникациянын натыйжалуу усулдарына; ар кыл тексттерди лингвистикалык анализдөө көндүмдөрүнө; кыргыз, орус жана чет тилдеринде сабаттуу жазуу жана оозеки кептин көндүмдөрүнө;<br>- окуган чыгармаларын анализдөө көндүмүнө, чыгарманын темасын, идеясын, композициясын, сюжетин аныктоо, каармандардын аракеттерин анализдөө жөндөмдүүлүгүнө; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - тарыхый адабият менен иштөө, ата мекен тарыхынын эстеликтерин жана булактарын изилдөө көндүмдөрүнө; тарыхый көрүнүштөрдү анализдөө усулдарына жана ыкмаларына;<br>- өз алдынча иштөө жана өз алдынча башкаруу көндүмдөрүнө; алган билимдерин билим берүү жана кесиптик ишмердикте маселелерди чечүү процессинде колдонуу жөндөмүнө;<br>- географиялык карталар менен иштөө усулдарына;<br>- жаратылыш, табигый шарттар, КР калкы жана чарбасы тууралуу илимий билимдердин бүтүндөй системасына;<br>- республикабыздын жаратылышынын заманбап геоэкологиялык абалы, аймагындагы табигый компоненттери тууралуу маалыматка; өнөр жай, айыл чарба, транспорт жана туризм тармактарынын заманбап абалы жана жайгашуусу тууралуу маалымат;<br>- республиканын аймактарынын табигый шарттары, ресурстары, калкы, экономикалык абалы тууралуу маалыматка. | | | |
| | **Вариативдик бөлүгүн** (билимдери, жөндөмдөрү, көндүмдөрү ***кесиптик орто билим берүү мекемесинин негизги кесиптик билим берүү программасы*** аныктайт***)*** | **3** | | |
| **2.** | **Математикалык жана табигый-илимий цикл** | **6** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн окуп үйрөнгөндөн кийин студент төмөнкүлөрдү **билиши керек:**<br>- маалыматты математикалык иштеп чыгуунун негизги ыкмалары; математикалык ой жүгүртүүлөрдүн жана далилдердин принциптерин; саноо системаларын; математикалык статистика усулдарын; алгебра менен геометриянын негиздерин;<br>- маалыматты чогултуунун, иштеп чыгуунун жана көрсөтүүнүн заманбап технологияларынын негиздери; кесиптик ишмердикте зарыл болгон стандарттык программалык камсыздоо; зарыл болгон маалыматты табуу үчүн издөө системаларынын түрлөрү; жалпы жана кесиптик маалыматты издөө, системдештирүү жана иштеп чыгуу усулдары жана каражаттары; кесиптик ишмердикте ИКТ каражаттарын колдонуудагы коопсуздук техникасынын | | Кесиптик математика<br><br>Информатика | ОК1 - ОК8 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | эрежелери жана гигиеналык сунуштар; Кесиптик ишмердикти, кесиптик жана жеке өнүгүүнү жакшыртуу үчүн Интернет тармактарынын ресурстарын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү.<br>**жасай билиши керек:**<br>- кесиптик тапшырмаларды аткаруу үчүн математикалык усулдарды колдонуу; жакындатылган эсептөөлөрдү аткаруу; маалыматты жана изилдөөнүн жыйынтыгын элементардык статистикалык иштеп чыгуу, алынган маалыматтарды графикалык түрдө көрсөтүү;<br>- кечиптик ишмердикте маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу жана анализдөө үчүн заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (анын ичинде колдонмо программалардын пакеттерин, локалдык жана глобалдык компьютердик тармактарды) пайдалануу; кесиптик ишмердикте ИКТ каражаттарын колдонууда коопсуздук техникасынын эрежелерин жана гигиеналык сунуштарды аткаруу; кесиптик ишмердикте Интернет тармагындагы сервистерди жана маалыматтык ресурстарды пайдалануу;<br>**ээ болууга тийиш:**<br>- маалыматты математикалык иштеп чыгуунун негизги усулдарына; математикалык логиканын усулдарына;<br>- жалпы жана кесиптик багыттагы программалык каражаттар менен иштөө көндүмдөрүнө. | | | |
| | **Вариативдик бөлүгү** (билимдер, жөндөмдөр жана көндүмдөр ***кесиптик орто билим берүү мекемелеринин негизги кесиптик билим берүү программасы аркылуу*** аныкталат***)*** | **2** | | |
| **3.** | **Профессионалдык цикл** | **60** | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **15** | | |
| | **Базалык циклди үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөрдү билиши керек**:<br>- адам, анын муктаждыктары жөнүндө заманбап дисциплиналардын негиздерин;<br>-индивиддин, үй-бүлөнүн жана коомдун социалдык жана маданий муктаждыктарын канааттандыруу усулдарын; | | Меймандостуктагы экономика<br><br>Мейманкана кызматынын | ОК1 – ОК8, ПК1 – ПК16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -иштиктүү жазуу жана оозеки кептин ченемдерин, натыйжалуулукту уюштуруунун процесстерин, мейманкана сервиси жана туризм жаатындагы кептик коммуникацияны;<br>-мейманкана кызматынын ишмердигин уюштурууга, пландаштырууга жана жакшыртууга жана алардын ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууга катышуу;<br>- мейманканаларды башкаруунун теориялык негиздери, менеджмент функциялары, мейманкана индустриясынын ишканаларын башкаруу формалары, башкаруу чечимдеринин түрлөрү жана аларды иштеп чыгуу усулдары, персоналды башкаруунун негиздери;<br>- мейманкана кызматы рыногунун негизги экономикалык көрсөткүчтөр тармагын жана системаларын өнүктүрүүнүн мыйзам-ченемдүүлүктөрү;<br>-кесиптик этиканын негизги эрежелери жана коллективде иштиктүү баарлашуунун ыкмалары;<br>- үйрөнүп жаткан чет тилдин грамматикасын жана лексикасын жана өлкөнүн тарыхын жана маданиятын, кептик этикеттин эрежелерин билүү;<br>- брондоо, кабыл алуу, жайгаштыруу жана жашатуу кызматтарын уюштуруу, конокторду кабыл алууда жана чыгарууда тейлөө сапатынын стандарттары, конокторду, топторду, корпоративдик конокторду кабыл алуу, каттоо жана жайгаштыруу эрежелери, мейманкана тарабынан көрсөтүлүүчү негизги жана кошумча кызматтар, макулдашуулардын (келишимдердин) түрлөрүн, аларды түзүү эрежелери, маулдашуу жана кол коюу тартибин, жашагандыгы жана кошумча кызматтар үчүн эсептерди түзүү эрежелери, отчеттук документациянын түрлөрүн, конокторго акча суммасын кайтарып берүү тартибин; «комплименттердин» түрлөрү, номерлерди жыйноону уюштуруу тартибин; мейманкана менчигинин болуусун жана жоголуусун же жараксыз болуп калуусун текшерүү эрежелерин;<br>- мейманкана ишканасында персоналды башкаруу системасынын теориялык негиздери; түшүнүктүк аппарат; персоналды башкаруу кызматынын ишмердигин регламенттөөчү укуктук жана ченемдик документтер; персоналды натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу; мейманканадагы кадр саясатынын өзгөчөлүктөрү жана түрлөрү; кесиптик стандарттар жана кызмат | | ишмердигин уюштуруу<br><br>Мейманкана индустриясында персоналды башкаруу<br><br>Этикет жана сервис | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ордуна карата талаптар, ыңгайлашуу усулу жана персоналды окутуу, карьераны мотивдештирүү, стимулдаштыруу жана пландаштыруу, кадрдык резервди калыптандыруу;<br>- мейманканаларда жана туристтик комплекстерде туристтерди тейлөөнү уюштуруу эрежелери;<br>-заманбап этикеттин этикалык негиздери, жүрүм-турум ченемдери жана эрежелери, этикеттин негизги принциптери, адамдар ортосундагы баарлашууда этикеттик ченемдерди туруктуу колдонуунун маанисин түшүнүү;<br>**жасай билиши керек:**<br>-потенциалдык кардарлардын муктаждыктарын аныктоо, сервистик ишмердикти ишке ашыруу чөйрөсү катары «байланыштык аймакта» иштөө;<br>- мейманкана кызматынын керектөөчүлөрүн комплекстүү тейлөөнү уюштура билүү;<br>- өз көз карашын так билдирүү жана аргументтештирүү;<br>- өз ишмердигинин жыйынтыгын туура баалоо;<br>- кардарга гана багытталуу менен конфликттик кырдаалды чечүү; жаңы маалыматтык технология жаатында алган билимдерин жана көндүмдөрүн өзүнүн кесиптик ишмердигинде жалпы жана колдонмо уюштуруу милдеттерин аткарууда колдонуу;<br>-баарлашуучу менен байланыш түзүү, кесиптик кепти угуу менен кабыл алуу, кесиптик тематика боюнча чет тилиндеги россиялык жана чет элдик басылмаларды колдонуу.<br>-мейманкана кызматтарын көрсөтүү процессинин сапатын жогорулатууда персоналды стимулдаштыруунун усулдарын жана каражаттарын колдонуу;<br>- мейманкана кызматынын сапатын текшерүү жана баалоо усулдарын колдонуу;<br>- экономика бөлүмдөрүнүн пландарын түзүүсү үчүн зарыл болгон эсептөөлөрдү аткаруу, аларды негиздөө жана уюмда кабыл алынган стандарттарга ылайык иштин жыйынтыгын көрсөтүү жөндөмдүүлүгү;<br>-конкреттүү экономикалык долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлгөн кичине топтун ишмердигин, башкаруу чечимдерин уюштуруу жана социалдык- | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | экономикалык натыйжалуулук критерийлерин, кооптуулукту жана мүмкүн болгон социалдык-экономикалык кесепеттерди эске алуу менен аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды негиздөө;<br>-брондоо, кабыл алуу, жайгаштыруу жана жашатуу кызматынын жумушчу ордун уюштуру, отчеттук маалыматтарды каттоо жана сактоо, брондоону жокко чыгаруу; кепилдик брондоону ишке ашыруу; room-service серсистик арабасын комплименттөө, мейманкананын негизги жана кошумча кызматтары боюнча персоналдык жана кошумча кызматтарды көрсөтүү, келишимдердин долбоорлорун даярдоо, коноктордун эсептерин каттоо жана даярдоо, инвентарды жана жабдууларды жокко чыгарууга актыларды түзүү, буюмдарды сактоого кызмат көрсөтүү; сатуу саясатынын натыйжалуулугун баалоо; мейманкана продуктысына болгон керектөөнү аныктоо, анализдөө жана калыптандыруу;<br>-башкаруучулук ойлордун эволюциясынын негизги этаптарын билүү;<br>-ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти аларды өкүлчүлүк кылуусунун негизинде бөлүштүрүү;<br>-текшерүү процедураларын жана усулдарын иштеп чыгуу;<br>-башкаруу милдеттерин чечүү үчүн мотивация, лидерлик жана бийликтин негизги теорияларын колдонуу, топтук динамика процесстеринин билимдерин негизинде топтук ишти натыйжалуу уюштуруу;<br>- жеке жана иштиктүү чөйрөдө ар кандай деңгээлдеги ар түрдүү топтогу адамдар менен баарлашуу үчүн жалпы кабылданган сылыктыктын даяр формаларын пайдалануу;<br>**ээ болууга тийиш:**<br>- кардарлардын керектөөлөрүн аныктоо усулдарына; сервистик ишмердик процессинде тейлөө жана кагылышуусуз иштөө ыкмаларына;<br>- адамдар ортосундагы баарлашуу системасын калыптандыруунун ыкмаларына жана усулдарына;<br>-мейманкана чарбасында инновациялык технологияларды иштеп чыгуу жана жайылтуу боюнча билимдерге жана көндүмдөргө;<br>-пландарды иштеп чыгуу жана башкаруу чечимдерин негиздөө үчүн зарыл болгон чогултуу жана иштеп чыгуу көндүмдөрүнө, фирманын ишмердигин | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | пландаштыруу усулдарына, меймандостук экономикасында ишмердикти баалоо усулдарына;<br>-өнөктөштөрдү активдүү угуунун жана ынандыруунун заманбап технологияларына;<br>-иштиктүү коммуникация көндүмдөрүнө;<br>-маалыматты издөөнүн рационалдуу тажрыйбасына, маалымдоо материалдары, анын ичинде электрондук материалдар менен өз алдынча иштөө көндүмдөрүнө, үйрөнүп жаткан тилдин мамлекетинин экономикалык, социалдык-саясий түзүлүшү, маданияты, каада-салты жана ырым-жырымы тууралуу түшүнүккө;<br>-керектөөчүлөрдөн брондоого заказдарды кабыл алууга, жана анын документациялык камсыздалышын жүргүзүүгө, керектөөчүнү брондоо тууралуу маалымдоо; конокторду кабыл алуу, каттоо жана жайгаштыруу, кызмат көрсөтүү тизмесин көзөмөлдөө, коноктордун эсептерин жана кайтуусун даярдоо; смена аяктаганда ишти өткөрүп берүү; персоналдын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө, номерге азыктануу кызматын көрсөтүү, жабдууну жана мейманкана инвентарын каттоо боюнча документацияны каттоого алуу жана жүргүзүү.<br>- белгилүү кырдаалда жүрүм-турумдун формалдуу эрежелерине жана аларды рационалдуу жана анын мазмунунда камтылгандын пайдалуулугун пайдалануу; | | | |
| | **Вариативдик бөлүгү** (билимдер, жөндөмдөр жана көндүмдөр ***кесиптик орто билим берүү мекемелеринин негизги кесиптик билим берүү программасы аркылуу*** аныкталат***)*** | **45** | | |
| **4.** | **Практикалар** (практикалык жөндөмдөр жана көндүмдөр ***кесиптик орто билим берүү мекемелеринин негизги кесиптик билим берүү программасы аркылуу*** аныкталат***)*** | **30** | | |
| **5.** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | | |
| **5.1** | Кыргызстандын тарыхы боюнча Мамлекеттик экзамен | **1** | | |
| **5.2** | Жыйынтыктоочу дисциплина аралык экзамен жана/же бүтүрүүчү квалификациялык иш | **5** | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **6.** | **Дене тарбия (белгиленген семестрлерде жумасына 2 сааттан)** | **3-5 семестрлер** | | |
| | ***Билим берүү программасынын*** **жалпы эмгек жүгү** | **120** | | |
| | **Дисциплина боюнча курстук иштер жана долбоорлор** | **Семестр** | | |
| | Мейманкана ишин уюштуруу (курстук иш) | **4** | | |
| | Мейманкана индустриясында персоналды башкаруу (курстук иш) | **6** | | |

Тиркеме №2

**Кесиптик орто билим берүүнүн болжолдуу окуу планы**

**адистик:** 100105-"Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу"

**квалификация:** Менеджер

**окутуунун ченемдик мөөнөтү: 1 жыл 10 ай**

| № к/н | Окуу дисциплиналарынын аталышы (анын ичинде практикалар) | Жалпы эмгек жүгү | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кредиттерде | саатларда | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| | | | | Жумалардын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | х | | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | х | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | | х | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | х | | |
| | Манас таануу | 2 | 60 | х | | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | х | | |
| | **Вариативдик бөлүк** | **3** | **90** | | х | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **18** | **540** | | | | |
| **2.** | **Математикалык жана табигый-илимий цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | х | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | х | | |
| | **Вариативдик бөлүк** | **2** | **60** | | х | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **6** | **180** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **60** | **1800** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Меймандостуктагы экономика | 6 | 180 | х | | | |
| | Мейанкана иши уюштуруу (курстук иш) | 3 | 90 | | х | | |
| | Мейманкана индустриясында персоналды башкаруу (курстук иш) | 4 | 120 | | | | х |
| | Этикет жана сервис | 2 | 60 | х | | | |
| | **Вариативдик бөлүгү** | **45** | **1350** | х | х | х | х |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **60** | **1800** | | | | |
| **4.** | **Дене тарбия*** | | **2ч в нед** | | | | |
| **5.** | **Практика**** | **30** | **900** | х | х | х | х |
| **6.** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация***** | **6** | **180** | | х | | х |
| | Экзамендердин саны (максимум) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курстук иштердин/долбоорлордун саны | | | | 1 | | 1 |
| | **Негизги кесиптик билим берүү программасынын жалпы эмгек жүгү** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |

(*) дене тарбиясы жалпы эмгек жүгүнө кирбейт
(**) КООЖдун адистигинин өзгөчөлүгү боюнча практикалардын саны жана түрлөрү
(***) КООЖдун чечими боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация